КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик
университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ошский государственный
университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Osh State University**

**БУЙРУК № 1404**

«11» 12 2017-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2017-жыл, 7-декабрь, №3 протокол) «ОшМУда 2016-2017-окуу жылынын окуу-тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деген маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган токтом бекитилсин:

1. Ош мамлекеттик университетинде 2016-2017-окуу жылында жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.

2. КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган – жождордун Улуттук рейтингин аныктоо критерийлерин эске алуу менен ОшМУда даярдалып жаткан билим берүү программаларынын отчетторунун жаңы формасын иштеп чыгып, кафедралардын, факультет/колледждердин) отчетторун жазуу жөнүндө Жобого (№12 бюллетень) өзгөртүүлөрдү киргизүү ОИДге жана АББСДга милдеттендирилсин.

3. ОшМУнун жалпы академиялык рейтингине таасир этүүчү (окутуучу, кафедра, факультеттин жеке жана коллективдүү рейтингдери) факторлору, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы ж.б. боюнча анализ жүргүзүп, параметрлерди жогорулатуу боюнча иш-чаралар күчөтүлсүн, аны көзөмөлдөө тиешелүү проректорлорго милдеттендирилсин.

4. Лицензиялык мөөнөттөрү 2018-жылы аяктай турган бардык багыттарга (адистиктерге) жаңыдан лицензия алуу үчүн биринчи жарым жылдыктын аягына чейин документтер даярдалып ОИДке тапшырылсын жана 2018-жылдын январь айында министрликке сунуштама кат жиберилсин.

5. ОшМУда даярдалып жаткан багыттардын (адистиктердин) НББПларын жаңы окуу жылы үчүн №33-бюллетендин негизинде иштеп чыгуу жана анын негизинде тиешелүү ОМК, силлабустарды өз деңгээлинде даярдоону камсыздоо кафедра башчылары менен программа жетекчилерине милдеттендирилсин.

6. Студенттин "индивидуалдык траекториясын" түзүү максатында студенттердин объективдүү тандоо мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө багытталган иш чараларды активдештирилип, билим берүү программалары боюнча элективдүү курстардын католгдору жаңылансын. Курстарды тандоо жараянында автоматташтырылган системанын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу практикасы күчтөндүрүлсүн, бул жараяндарды уюштуруу АББСД жана ОИДге милдеттендирилсин.

7. Жаңыдан жумушка алына турган жана иштеп жаткан окутуучуларга коюлуучу талаптардын критерийлерин иштеп чыгып бекитүү ОИДге жана АББСДга милдеттендирилсин.

8. Кесиптик билим берүүнүн сапатын жана окуу жайлардын атаандаштыкка туруштук берүүсүн көтөрүүчү негизги фактор болгон **аттестация** институтун киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын, жана профессордук-окутуучулук курамды

аттестациялоо жөнүндөгү Жобону иштеп чыгуу АББСД жана ОИДге милдеттендирилсин.

9. Компетенцияларды калыптандыруудагы практикалардын орду, аларды өткөрүүдөгү көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн атайын иш-чаралар уюштурулуп, практиканы көзөмөлдөгөн структуралардын функционалдык милдеттеринин чегин аныктаган Жобого тиешелүү өзгөртүүлөр ОшМУнун окуу-информациялык департаменти (Р.Н. Арапбаев) жана Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти (М. Алтыбаева) тарабынан киргизилсин.

10. Билим берүү программалары тарабынан өздүк баалоо жана анализдөө процедуралары көз карандысыз аккредитациянын критерийлеринин негизинде окуу жылдын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлсүн жана аны аткаруу кафедра башчылары, декандарга милдеттендирилсин.

11. 2017-2018-окуу жылында көз карандысыз аккредитациядан өтө турган программаларды даярдоо жана процедурадан өткөрүү декандарга жана кафедра башчыларына (программа башчыларына), жалпы көзөмөл, жана тийиштүү методикалык жардамдарды көрсөтүү АББСДга жана ОИДге милдеттендирилсин.

12. ОшМУнун коррупцияга каршы күрөшүү боюнча деталдуу планына ылайык аткарыла турган иш-чараларды аныктап, аларды жүзөгө ашыруу тиешелүү структураларга (проректорлорго) милдеттендирилсин.

13. Билим берүү программасынын башчысынын кызматтык милдеттерин, жоопкерчилигин, өз ара кызматташуусун жана функционалдык милдеттердин чегин аныктаган Жобо иштеп чыгуу ОИДге, КБга милдеттендирилсин.

14. ОшМУнун сайтын үч тилге толук кандуу өткөрүү аркылуу, анын окумдуулугун көбөйтүү жана кээ бир функцияларын жөнөкөйлөтүү, оперативдүүлүгүн арттыруу тиешелүү структуралык бөлүмдөргө милдеттендирилсин.

15. Окуу процессинде колдонулган иш кагаздарын (Академиялык мобилдүүлүктүн жекече окуу графиктерин, айырмачылыктарды тапшыруу, жайкы семестрде окутуу жана жалпы эле студенттердин кыймылы боюнча билдирүү, буйруктардын) ревизиядан өткөрүп кредиттик технологиянын талаптарына жооп берген, бирдиктүү формаларып иштеп чыгып сунуштоо ОИДге жана КБга милдеттендирилсин.

16. Академиялык мобилдүүлүк программаларына катышып, которулуп же гикеленип келген студенттердин академиялык справкаларындагы (транскрипт) бааларын жана кредиттерин *"Академиялык таануу"* процессин системага салуу ОИДге жана эл аралык байланыштар бөлүмүнө, аларды өз убагында аткарып, AVN ИСга киргизүү деканаттарга милдеттендирилсин.

17. Учурдук жана аралык (ТК, РК) текшерүүлөрдү кабыл алууда on-line тестирлоо бардык факультеттердин дистанттык бөлүмдөрүндө жайылтуу колго алынсын, аны ишке ашыруу ОИДге милдеттендирилсин.

18. ОшМУда билим берүүнү интернационалдыштырyунун 2022-жылга чейинки стратегиялык планында белгиленген багыттар боюнча көрсөткүчтөргө жетүү иш аракеттери күчөтүлсүн.

19. Факультеттер (колледждер) тарабынан бардык багыттар (адистиктер) боюнча кабыл алынган абитуриенттерди жана алардын ичинен окууну аяктагандарына (%) анализ жүргүзүү жана жаңы окуу жылы үчүн кесипке багыттоо ишмердүүлүгүнүн заманбап формаларын ишке ашыруу колго алынсын.

20. ОшМУнун структуралык бөлүмдөрү менен документ алмашып иш алып баруудагы КБнын кызматкерлеринин милдеттерин камтыган КБнын ишмердүүлүгү жөнүндө Жобо иштеп чыгуу ОшМУнун кадрлар башкармалыгына (Г. Турдубаева) милдеттендирилсин.

21. Бул токтомдун аткарылышы тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, ишке ашырылуусун көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректору, доцент Расул Абазбек уулуна жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.А. Исаков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ученый совет Ошского государственного университета**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Academic Council of Osh State University**

Ош ш.,723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

г.Ош,723500, ул.Ленина, 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 22273, fax: (03222) 24066

№ 1782 « 09 » 12 2017-ж.

**2017-жылдын 7-декабрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №3 жыйынындагы «ОшМУда 2016-2017-окуу жылынын окуу-тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деген маселеге карата**

## Ч Е Ч И МИ

**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши талкууда берилген сунуштарды эске алып ТОКТОМ кылат:**

1. Ош мамлекеттик университетинде 2016-2017-окуу жылында жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган – жождордун Улуттук рейтингин аныктоо критерийлерин эске алуу менен ОшМУда даярдалып жаткан билим берүү программаларынын отчетторунун жаңы формасын иштеп чыгып, кафедралардын, факультет/колледждердин) отчетторун жазуу жөнүндө Жобого (№12 бюллетень) өзгөртүүлөрдү киргизүү ОИДге жана АББСДга милдеттендирилсин.
3. ОшМУнун жалпы академиялык рейтингине таасир этүүчү (окутуучу, кафедра, факультеттин жеке жана коллективдүү рейтингдери) факторлору, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы ж.б. боюнча анализ жүргүзүп, параметрлерди жогорулатуу боюнча иш-чаралар күчөтүлсүн, аны көзөмөлдөө тиешелүү проректорлорго милдеттендирилсин.
4. Лицензиялык мөөнөттөрү 2018-жылы аяктай турган бардык багыттарга (адистиктерге) жаңыдан лицензия алуу үчүн биринчи жарым жылдыктын аягына чейин документтер даярдалып ОИДке тапшырылсын жана 2018-жылдын январь айында министрликке сунуштама кат жиберилсин.
5. ОшМУда даярдалып жаткан багыттардын (адистиктердин) НББПларын жаңы окуу жылы үчүн №33-бюллетендин негизинде иштеп чыгуу жана анын негизинде тиешелүү ОМК, силлабустарды өз деңгээлинде даярдоону камсыздоо кафедра башчылары менен программа жетекчилерине милдеттендирилсин.
6. Студенттин “индивидуалдык траекториясын” түзүү максатында студенттердин объективдүү тандоо мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө багытталган иш чараларды активдештирилип, билим берүү программалары боюнча элективдүү

курстардын катологдору жаңылансын. Курстарды тандоо жараянында автоматташтырылган системанын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу практикасы күчтөндүрүлсүн, бул жараяндарды уюштуруу АББСД жана ОИДге милдеттендирилсин.

7. Жаңыдан жумушка алына турган жана иштеп жаткан окутуучуларга коюлуучу талаптардын критерийлерин иштеп чыгып бекитүү ОИДге жана АББСДга милдеттендирилсин.

8. Кесиптик билим берүүнүн сапатын жана окуу жайлардын атаандаштыкка туруштук берүүсүн көтөрүүчү негизги фактор болгон **аттестация** институтун киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын, жана профессордук-окутуучулук курамды аттестациялоо жөнүндөгү Жобону иштеп чыгуу АББСД жана ОИДге милдеттендирилсин.

9. Компетенцияларды калыптандыруудагы практикалардын орду, аларды өткөрүүдөгү көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн атайын иш-чаралар уюштурулуп, практиканы көзөмөлдөгөн структуралардын функционалдык милдеттеринин чегин аныктаган Жобого тиешелүү өзгөртүүлөр ОшМУнун окуу-информациялык департаменти (Р.Н. Арапбаев) жана Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти (М. Алтыбаева) тарабынан киргизилсин.

10. Билим берүү программалары тарабынан өздүк баалоо жана анализдөө процедуралары көз карандысыз аккредитациянын критерийлеринин негизинде окуу жылдын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлсүн жана аны аткаруу кафедра башчылары, декандарга милдеттендирилсин.

11. 2017-2018-окуу жылында көз карандысыз аккредитациядан өтө турган программаларды даярдоо жана процедурадан өткөрүү декандарга жана кафедра башчыларына (программа башчыларына), жалпы көзөмөл, жана тийиштүү методикалык жардамдарды көрсөтүү АББСДга жана ОИДге милдеттендирилсин.

12. ОшМУнун коррупцияга каршы күрөшүү боюнча деталдуу планына ылайык аткарыла турган иш-чараларды аныктап, аларды жүзөгө ашыруу тиешелүү структураларга (проректорлорго) милдеттендирилсин.

13. Билим берүү программасынын башчысынын кызматтык милдеттерин, жоопкерчилигин, өз ара кызматташуусун жана функционалдык милдеттердин чегин аныктаган Жобо иштеп чыгуу ОИДге, КБга милдеттендирилсин.

14. ОшМУнун сайтын үч тилге толук кандуу өткөрүү аркылуу, анын окумдуулугун көбөйтүү жана кээ бир функцияларын жөнөкөйлөтүү, оперативдүүлүгүн арттыруу тиешелүү структуралык бөлүмдөргө милдеттендирилсин.

15. Окуу процессинде колдонулган иш кагаздарын (Академиялык мобилдүүлүктүн жекече окуу графиктерин, айырмачылыктарды тапшыруу, жайкы семестрде окутуу жана жалпы эле студенттердин кыймылы боюнча билдирүү, буйруктардын) ревизиядан өткөрүп кредиттик технологиянын талаптарына жооп берген, бирдиктүү формаларып иштеп чыгып сунуштоо ОИДге жана КБга милдеттендирилсин.

16. Академиялык мобилдүүлүк программаларына катышып, которулуп же тикеленип келген студенттердин академиялык справкаларындагы (транскрипт) бааларын жана кредиттерин "***Академиялык таануу***" процессин системага салуу ОИДге жана эл аралык байланыштар бөлүмүнө, аларды өз убагында аткарып, AVN ИСга киргизүү деканаттарга милдеттендирилсин.

17. Учурдук жана аралык (ТК, РК) текшерүүлөрдү кабыл алууда on-line тестирлөө бардык факультеттердин дистанттык бөлүмдөрүндө жайылтуу колго алынсын, аны ишке ашыруу ОИДге милдеттендирилсин.

18. ОшМУда билим берүүнү интернационалдыштыруунун 2022-жылга чейинки стратегиялык планында белгиленген багыттар боюнча көрсөткүчтөргө жетүү иш аракеттери күчөтүлсүн.

19. Факультеттер (колледждер) тарабынан бардык багыттар (адистиктер) боюнча кабыл алынган абитуриенттерди жана алардын ичинен окууну аяктагандарына (%) анализ жүргүзүү жана жаңы окуу жылы үчүн кесипке багыттоо ишмердүүлүгүнүн заманбап формаларын ишке ашыруу колго алынсын.

20. ОшМУнун структуралык бөлүмдөрү менен документ алмашып иш алып баруудагы КБнын кызматкерлеринин милдеттерин камтыган КБнын ишмердүүлүгү жөнүндө Жобо иштеп чыгуу ОшМУнун кадрлар башкармалыгына (Г. Турдубаева) милдеттендирилсин.

21. Бул токтомдун аткарылышы тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, ишке ашырылуусун көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректору, доцент Расул Абазбек уулуна жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор** **К.А. Исаков**

**Окумуштуу катчы** **М.Т. Байсубанов**